УДК: 94 (37.7)

**Анарбаева Гулнара Абдуманоповна**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент.
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети

**КОКОН ХАНДЫГЫ МЕЗГИЛИНДЕ КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮМҮ, ЖАЙГАШУУСУ**

**Анарбаева Гулнара Абдуманоповна**
кандидат исторических наук, доцент
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова

**СОЦИАЛЬНАЯ СТРУКТУРА, РАССЕЛЕНИЕ КЫРГЫЗСКИХ ПЛЕМЕН В ПЕРИОД КОКАНДСКОГО ХАНСТВА**

**Anarbaeva Gulnara Abdumanopovna**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov

**SOCIAL STRUCTURE, SETTLEMENT OF KYRGYZ TRIBES DURING THE KOKAND KHANATE**

**Аннотация.** Кыргыз журту, ата мекени жана кыргыздардын тууганчылык түшүнүктөрү “бир атанын балдары”, “урук”, “уруу” жана “эл” деген түшүнүктөргө байланыштуу. Мындай жалпылыктардын эң төмөнкү баскычы “бир атанын балдары” деп аталат. Кандаш туугандардан турган патриархалдык үй-бүлө “бир атанын балдары” деген түшүнүктүн кучагында камтылган. Уруу бул этникалык жалпылыктын көрүнүшү болгондугу илимде маалым. Бирок, анын түпкү маңызы мында гана эмес. Эң негизги маселе бул жерде уруунун социалдык түзүлүш катары тарыхый өнүгүүнүн бир баскычы болгондугунда.

**Ачкыч сөздөр:** Ата-журт, кыргыз журту, урук, уруу, тууганчылык, жети ата, мекен, көчмөндөр, ырым-жырымдар.

**Аннотация.** Понятия кыргызской нации, родины и кыргызского родства связаны с понятиями «дети одного отца», «семья», «племя» и «народ». Самый низкий уровень такой общности называется «дети одного отца». Патриархальная семья, состоящая из кровных родственников, входит в понятие «дети одного отца». В науке известно, что племя является выражением этнического единства. Однако суть его не только здесь. Главный вопрос здесь в том, что племя как социальная структура представляет собой этап исторического развития.

**Ключевые слова:** Отечество, кыргызский народ, раса, племя, родство, семь отцов, родина, кочевники, обряды.

**Annotation.** The concepts of the Kyrgyz nation, homeland and Kyrgyz kinship are associated with the concepts of “children of one father”, “family”, “tribe” and “people”. The lowest level of such community is called “children of the same father.” A patriarchal family consisting of blood relatives is included in the concept of “children of the same father.” It is known in science that a tribe is an expression of ethnic unity. However, its essence is not only here. The main issue here is that the tribe as a social structure represents a stage of historical development.

**Key words:** Fatherland, Kyrgyz people, race, tribe, kinship, seven fathers, homeland, nomads, rituals.

Кыргыздардын көчмөн турмушунда “журт” – турак, же “айылдын күлү жайгашкан жер” деген мааниде колдонулган жана көчмөн кыргыздар үчүн зор мааниге ээ түшүнүктөр жашап келген. Журт кандайдыр бир адам турак кылган, тиричилик өткөргөн жайды гана эмес, кандаш тууганды-ардын тобун, социумду да түшүндүргөн. Журттун жанында жайгашкан көрүстөн журттун айрылгыс белгиси болгон. Демек, өткөн

муун, ата-балардын сөөгү жаткан жер жана тирүүлөр жашаган жай бул тереңирээк маанидe "ата журт", "киндик кан тамган жер" түшүнүгүн берген.

Кыргыз көчмөн турмушундагы көчүү-конуу цикли ар жылы кайталануу менен төмөнтөн-жогору кыштоодон төрдү карай, жогорудан-төмөн белгилүү бир маршрут аркылуу вертикалдуу жүргөндүктөн "журт" мааниси көчүп-конуунун чөлкөмү же ареалы катары эмес, маанилүү бир чекит катары туюндурулган. Ошол эле учурда "журт" көчүп-конуунун сезондуулугуна карата өзүнүн ордун алмаштырып да турган. Мисалы, жайлоодогу журт, кыштоодогу журт, жана башка.

Кыргыз журту, ата мекени жана кыргыздардын тууганчылык түшүнүктөрү "бир атанын балдары", "урук", "уруу" жана "эл" деген түшүнүктөргө байланыштуу. Мындай жалпылыктардын эң төмөнкү баскычы "бир атанын балдары" деп аталат. Кандаш туугандардан турган патриархалдык үй-бүлө "бир атанын балдары" деген түшүнүктүн кучагында камтылган. Андай социум чогуу чарба жүргүзүп, "баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн" принциби менен ынтымакташа ыстыкоомат кылууну чагылдырган. Ошондуктан кыргыз элинде "жамааттык сезим (коллективизм)" катуу өнүккөн. Ненгизинен Фергана өрөөнүндө калыптанган түштүк кыргыз урууларындагы "ашар" мисалы да ушуга байланыштуу. Ошол эле учурда "бир атанын балдары" деп аталган жамаатта аксакалдын, улуунун орду өтө жогору болгон. "Жети атасын таануу", "улууну сыйлоо жана кичүүнү урматтоо" жана башка толуп жаткан кыргыз салт-санаасы атадан балага калган улуу мурас катары сезилген. Белек Солтонове бул жөнүндө "Кыргыз жети атасын билбегенди «жети атасын билбеген жетесиз» деп, аны кул катарында санайт" деп жазганы кыргыздын бирден бир уруучулук салты болгондугун далилдеп турат.

"Жети атасын сурап кыз бермек" деген эреже уруктун бузулушуна биологиялык жактан жол берген эмес. Бул кыргыз элинин кылымдардан бери келе жаткан генетикалык тазалыгын сактоонун бирден-бир жолу болгон.

"Бир атанын балдары" жалпылыгынын базасында кийинки баскычта турган "урук" жалпылыгы калыптанган. Урукка чейин "беркі ата", "аркы ата" жана "түп ата" түшүнүгү да жашап келгендиги белгилүү . Демек, жети атасын тааныган кыргыз, өз "тегин" билген. Тектүү элдин кулуну болгон мындай кыргыз өз коомунун руханий-идеологиялык негизин жогорку деңгээлде туюп, ага сүйөнгөн, ишенген.

Демек, "урук" бир тукумдан тарап, өздөрүнүн түпкү теги бир деп эсептешкен туугандардын тобу. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү менен энелик доордогу урук аталык доордогу урукка өткөн. Анын калыптанышы мал багуу, жер айдоо, кол өнөрчүлүк менен тыгыз байланышкан. Бул мезгилде коомдун экономикалык уюткусун патриархалдык чоң үй-бүлө түзгөн.

Урук никени жөнгө салуу жана диний ырым-жырым функцияларын сактап калган. Ар кайсы уруктардын патриархалдык үй-бүлөлөрү коңшу жашап, коңшу жамаатты түзүшкөндүгү, акырындап уруктардын чоңоюшуна, башка уруктун мүчөлөрүнүн коңшу уруктун жамаатына кириши менен уруктук мамилелер ыдырап, эми аймактык мамилелер үстөмдүк кыла баштаган. Мунун өзү коомдун уюткусу катары индивидуалдык өз алдынча жеке үй-бүлөлөрдүн пайда болушун шарттаган. Бул өзгөрүүлөр уруктук мамилелердин акырындап жоюлушуна түрткү болуп, мүлктүк теңсиздикке негизделген таптык мамилелердин калыптанышына алып келген. Бирок, көчмөн элдерде таптык коомдо деле «урук» түшүнүгү көпкө чейин сакталып келгендигин кыргыздардын өткөн кылымдагы эле жашоосу чагылдырып турат.

Ар бир уруу урук-урук, айыл-айылга, "чоң-айыл","кичи-айыл" (курама) болуп бөлүнгөн. "Үйүндө көптү талаадан киши урбайт" деген ылакап айтып тургандай чоң атанын балдары кайда болсо чоң, букаранын балдары кайда болсо кор болушкан. Чоң атанын балдары ардакталып, өзгөчөрөк кадырланган. Жоокерчилик убакта чабуулдан түшкөн олжо да аксакалдашып бөлүнгөндүктөн улуу атанын тукуму олжону арбын алып турган.

Бир урук өзүнүн тууган уруусуна нааразы болсо, улуу урук аларды теңсинбей, кордук көргөзсө, анда өз уруусуна таарынган урук башка бир урууга кетип да калуучу. Андай бир уруудан экинчи урууга көчүп барган урук,

жаңы урууга курама урук болуп кошулган. Курама урук кошулган чоң уруунун алдында өзүн кичи ата, кичи айыл катары санап, салшырмалуу көз каранды абалда турган. Кээде мал-мүлкүнө ээ боло албай калган учурлары да болгон.

Эгерде тигил же бул уруктан жалгыз башы гана барып, башка урууга кошулса, ал адам кошулган айылдын же уруктун "кулу катары" саналган. Ошондой эле жалгыз өзү барып башка уруунун бир мүчөсүнүн аялынын эмчегин ээмп бала болсо, андай баланы "тонсуз уул" деп коюшкан. Андай уулдарга "тентимиш", "кул" деген аталыштар тагылган.

Кыргыздарга таандык урууну коргоо тартиби иштелип чыккан. Мисалы, "бөлүнгөндү бөрү жейт" деген макал уруучулук, жоокерчилик замандан калган макал экендигин баамдоо кыйын эмес. Элден бөлүнө калган аз айыл, урук болсо, башка бир уруу малын да, башын да (кишисин да) олжолоп кеткен. Башка уруунун колуна түшүп кеткен мал болсун, адам болсун кайта келип өз элине кошулушу кыйынга турган. Колго түшүп кеткен эркек, аял, кул, күң болуп жүрүп өмүр өткөргөн. "Кул, күң өлтүрсө кунсуз, сатса пулсуз" деп аталган. Кулду кулданып, күңдү күңдөнүп жүргөн адам кулун, күңүн өлүрөбү, сатабы өзү билген. Ошол себептен ар бир уруу, өз уруусунун кишисин, малын башка уруунун колуна түшүрүп жибербөөнү негизги милдет катары санашкан. Уруу, урук, бир атанын балдары жалпы эл көчсө чогуу, консо бирге болушу шарт эле.

Бир нече кандаш жамаатык топтордон, уруктардан "уруу" куралган. Уруу "бир атанын балдары", "уруктан" татаалыраак жана кенерирээк социум болгон. Уруу жалпы чарбалык бирикмеден жогору турган саясий маселелерди да камтыган.

Урууда түбү бир атадан болгондор, ошондой эле жасалма кошулгандар, башкача айтканда "кулдун балдары", "жээн туугандар" жана башкалар болушу мүмкүн эле. Мындай кошулмаларды "тондуу уул" деп аташкан. Тондуу уул түшүнүгү, алардын так ушул уруунун ичинде төрөлбөй, кийим кийчү чагында, башкача айтканда "тонго ээ болгондо" келип кошулгандыгына карата айтылган нерсе.

Уруу бул этникалык жалпылыктын көрүнүшү болгондугу илимде маалым. Бирок, анын түпкү маңызы мында гана эмес. Эң негизги маселе бул жерде уруунун социалдык түзүлүш катары тарыхый өнүгүүнүн бир баскычы болгондугунда. Уруу социалдык түзүлүш катары көчмөндүүлүктө демосоциалдык коом болуп эсептелген. Демек ал тигил же бул аймакты ээлеп, бирок анын чектери уруу ээлеген жер чеги эмес, ошол уруунун мүчөлөрү аракеттенген аймактар эсептелген. Башкача айтканда уруу мүчөлөрүнүн аракеттенген чөлкөмү "кыймылдуу" болгон. Уруунун салмагына, башка коңшу урууларга салыштырмалуу саясий аброюна жараша анын ээлеген аймагы – журту кеңип да, тарып да турган деп түшүнүү туура. Демек уруу жалпылыгы, коңшу уруулардын жалпылыктары менен бирдикте өз баскычында этникалык жалпылыкты калыптандырган.

Уруулук түзүлүштө башкы бийликти уруу кеңеши жана аскер жетекчилери жүргүзүшкөн. Ар бир уруунун диний ишенимдери, майрамдары, урааны, туусу болуп, урууга тиешелүү мүлктү тамгалоо, эн салуу калыптанган. "Ураан", "байрак" жана башка түшүнүктөр "уруктан" жогору турган "уруунун" белгилери болгон. Бул белгилердин ичинен "ураан" негизгиси. Ал биримдикти билгизүүчү сүрөөн. Урушка киргенде пир туткан ата-бабаларынын, баатырлардын аттарын кыйкырып айтып, душманга айбат көрсөтүшкөн. Мурунку өткөн баатырлардын сүрү душманга ти рүүсүндөй айбат кылат, колдойт деп ишенишкен. Ураан уруктун, уруунун, андан жогору элик жалпылыктын биримдигин билгизүүчү символ катары кыргыз коомчулугунда чоң мааниси болгон.

Уруу урук менен бир мезгилде, башка бир көз караш боюнча андан бир аз кечирээк, пайда болгон деген пикир бар. Уруу мамилелери мүлктүк, социалдык, коомдук жана башка теңсиздиктин тереңдеши менен ыдырай баштаган. Жаңы социалдык катмарлар уруунун атына жамынып, өз кызыкчылыктарын көздөшкөн. Россия империясынын курамына кирер алдында кыргыз урууларында абдан чиеленишкен патриархалдык, феодалдык мамилелер өкүм сүргөн. Ар бир уруунун келип чыгышы, тарашы элдин оозеки тарыхы болгон санжырада сакталган, аны эл арасынан чыккан сөзгө чечен, билимдүү, чыгармачыл жөндөмү бара атайын "санжырачылар" чечмелеген.

Уруу баскычынан жогорку деңгээлде “эл” жалпылыгы турат. Анын курамында тууган болуп эсептелген бир нече социалдык түзүлүштөр болушу мүмкүн. Ал социалдык түзүлүштөр сөзсүз эле уруу болушу шарт эмес. Көчмөн турмушунун шарттарындагы “эл” жалпылыгынын курамында уруулар менен катар эле каны башка, келип чыгуусу тышкары чөлкөмдөрдө өнүккөн, бирок “киринди” катары кошулган кичине түзүмдөр, кандаш эмес үй-бүлөлөрдөн түзүлгөн жарым көчмөн топтор (илимий тилде алар дыйкан жамааттары деп да аталышат) жана башка “жээн”, “тага-журт”, “ак үйлүү” болуп кирген топтор да болушу мүмкүн.

Эл түшүнүгү көчмөн коомдо ошентип, этникалык жалпылыкты гана түшүндүрбөстөн, ал социалдык да жалпылыкты түшүндүрүп турат. Демек, уруу баскычында социалдык-экономикалык, коомдук түзүлүш деген илимий түшүнүктөр чагылбаса, “эл” деген социалдык жалпылыкта жана анын жашоосунда мындай түшүнүктөрдүн чагылышын толук баамдоого болот.

Эл жалпылыгы көчмөн коомунда чарбалардын мүлктүк ажырымынын өнүгүшүнө байланыштуу татаалдаша берген. Мурунку уруулук кезде пайда болгон демосоциалдык түзүлүш эми геосоциаолдык деп аталган түзүлүшкө өсүп чыгат. Бул деген мурунку кеңейип жана тарып олтурган ийкемдүү жер чектеринин ордуна туруктуу чек аралары болгон аймактын калыптанышын көрсөтөт. Адатта мындай аймак эми тигил же бул эл же бир нече элдер жашаган “өлкө”, “мамлекет” деп аталуучу чөлкөмдү түшүндүрөт. Албетте өлкө геосоциалдык түзүлүш катары адамдардын, көчмөн шартында бир атанын балдырынын, уруктардын, уруулардын жана элдердин курамынан турат, бирок мурунку уруулук баскычтагы социалдык жалпылыкка караганда таталыраак социалдык-экономикалык, руханий мүнөздөмөлөрү бар тургундардын жалпылыгын түзүп калат (Орус тилиндеги “население”, “народонаселение” деген түшүнүк).

Тургундарысыз тигил же бул өлкө же мамлекет болбойт, бирок ал өлкө менен анда жашаган тургундар бир этносоциалдык жамаатка кирбей калышы да мүмкүн. Өлкө тургундары геосоциалдык жалпылык катары бир нече этносоциалдык жалпылыктардан куралган. Ошол эле учурда тигил же бул этносоциалдык жалпылык башка бир геосоциалдык жалпылыктардын курамында болуп калышы да ыктымал.

Марксисттик идеологияга негизделген окууларда “улут” түшүнүгү экономикалык өнүккөн өлкөлөргө гана байланыштырылат. Бирок, бул сөзсүз гана андай эмес. “Улут” түшүнүгү “эл” түшүнүгүнөн жогорку деңгээлдеги бир эле учурда этносоциалдык дагы (уруу, эл), геосоциалдык да (өлкө, мамлекет) жалпылыктын белгилерин камтыган, “ата мекен”, “ата журт” жалпылыгын уңгу белги катары койгон жалпылык болуп эсептелет. Демек, улут үчүн эл, өлкө деген түшүнүктөрдөн “ата мекен”, “ата журт” түшүнүгү жогору болуп, улуттун өкүлдөрү башка элдердин арасында, өлкөлөрдө, мамлекеттерде жашап калышы да мүмкүн болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Асанов Т.И. Этносоциальная структура и территория кочевого кыргызского общества (историко-этнологический анализ проблемы). Кыргыздар. Он төрт томдук. VII том. Кыргыздар соңку доорлордун тарыхында. 2011.
2. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер — 1 -китеп. Бишкек, 1993.
3. Асанов Т.И. Этносоциальная структура и территория кочевого кыргызского обѳества (историко-этнологический анализ проблемы). Кыргыздар. Он төрт томдук. VII том. Кыргыздар соңку доорлордун тарыхында.Б.2011.
4. Асанов Т.И. Этносоциальная структура и территория кочевого кыргызского обѳества (историко-этнологический анализ проблемы). Кыргыздар. Он төрт томдук. VII том. Кыргыздар соңку доорлордун тарыхында.Б.2011.
5. Семенов Ю. И. Категория «социальный организм» и ее значение для исторической науки.— Вопросы истории, 1966, № 8; Ошол эле автор. Кочевничество и некоторые общие проблемы теории хозяйства и общества.— Сои этнография, 1982.

6. Семенов Ю. И. Категория «социальный организм» и ее значение для исторической науки.— Вопросы истории, 1966. Семенов Ю. И. О племени, народности и нации. Советская этнография. 1986.
7. Семенов Ю. И. Кочевничество и некоторые общие проблемы теории хозяйства и общества.— Сов. этнография, 1982,
8. Семенов Ю. И. О племени, народности и нации. //Советская этнография. 1986. № 3. -с.74.
9. Подробнее об этом см. Семенов Ю. И. Кочевничество и некоторые общие проблемы теории хозяйства и общества. — Сов. этнография, 1982, № 2

УДК 930.327.3

**Өмүрова Ж.К.**
тарых. илим. канд., доц.м.а.
И. Арабаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик университети

## ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНДӨ САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН АЛГАН ОРДУ: «АСАБА» УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУ ПАРТИЯСЫНЫН МИСАЛЫНДА

**Омурова Ж.К.**
канд. истор. наук, и.о. доц.
Кыргызский государственный
университет имени И. Арабаева

## РОЛЬ ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ В СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОМ РАЗВИТИИ НЕЗАВИСИМОГО КЫРГЫЗСТАНА: НА ПРИМЕРЕ ПАРТИИ НАЦИОНАЛЬНОГО ВОЗРОЖДЕНИЯ «АСАБА»

**Omurova Zh.K.**
Ph.D. history Sciences, Acting Assoc.
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

## THE ROLE OF POLITICAL PARTIES IN THE SOCIO-ECONOMIC DEVELOPMENT OF INDEPENDENT KYRGYZSTAN: THE CASE OF THE NATIONAL REVIVAL PARTY “ASABA”

**Аннатоция.** Макалада демократиялык коомдо жашап жаткан мамлекетеги саясий партиялардын солчул, оңчул жана ортомчул болуп бөлүнүү процессине токтолуудан мурда, мындай партиялык типтин пайда болуу жана бөлүнүү тарыхы токтолуу менен, саясий партиялар, коомдук уюмдардын айырмачылыктары, алдыларына койгон максаттары жана иш аракеттери белгиленген. Муну менен катар жер, Кыргызстандагы алгачкы саясий, коомдук, улуттук кыймылдардын, өзгөчөлүгү, эң биринчи иретте социалдык-экономикалык маселелерди көтөргөндүгүндө, тактап айтканда, жеке үйлөрдү куруу үчүн жер участокторун берүүнү талап кылган саясий партиялардын ичинен “Асаба” улуттук кайра жаралуу партиясынын ишмердүүлүгүндө каралган.

**Негизги сөздөр:** саясий партия, коомдук уюмдар,социалдык, экономикалык, саясий маселелер, улуттук мүнөздөгү, улуттук маселе, социалдык жардам

**Аннотация.** Прежде чем остановиться на процессе деления политических партий в государстве, живущем в демократическом обществе, на левые, правые и медиаторы, отмечена история возникновения и разделения таких типов партий, различия, цели и действия